46) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 1-мартындагы № 10 Мыйзамынын 4-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 3, 2003-ст.);

47) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 8-майындагы № 48 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 5, 2272-ст.);

48) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 12-июлундагы № 105 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 7, 2706-ст.);

49) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 16-июлундагы № 111 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 7, 2722-ст.);

50) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 16-июлундагы № 114 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 7, 2725-ст.);

51) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 10-августундагы № 164 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 7, 2775-ст.);

52) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине толуктоолорду киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 2-июлундагы № 109 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., № 7, 896-ст.);

53) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 11-июлундагы № 129 Мыйзамынын 1-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., № 7, 915-ст.);

54) "Мамлекеттик тилдеги Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 24-

июлундагы № 155 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., № 7, 941-ст.);

55) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 24-июлундагы № 159 Мыйзамынын 3-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., № 7, 945-ст.);

56) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 30-июлундагы № 169 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., № 7, 955-ст.);

57) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 3-августундагы № 179 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., № 7, 965-ст.);

58) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 11-январындагы № 3 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 1, 4-ст.);

59) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине толуктоо киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 15-январындагы № 11 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 1, 11-ст.);

60) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 30-январындагы № 22 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 1, 22-бер.);

61) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине толуктоо киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 20-февралындагы № 36 Мыйзамы ("Эркин Тоо" газетасы, 2014-жылдын 28-февралы, № 14);

62) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 22-мартындагы № 52 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 3, 178-ст.);

63) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 17-майындагы № 68 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 5, 383-ст.);

64) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине толуктоо киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 28-майындагы № 80 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 5, 395-ст.);

65) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 10-июлундагы № 127 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 7, 703-ст.);

66) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 14-июлундагы № 133 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 7, 709-ст.);

67) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 18-ноябрындагы № 155 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 10, 876-ст.);

68) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 31-декабрындагы № 181 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 11, 1003-ст.);

69) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 16-февралындагы № 33 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2015-ж., № 2, 120-ст.);

70) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 10-мартындагы № 53 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2015-ж., № 3, 243-ст.);

71) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 7-августундагы № 222 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2015-ж., № 7, 1056-ст.);

72) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 6-майындагы № 54 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2016-ж., № 5, 393-ст.);

73) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 6-майындагы № 55 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2016-ж., № 5, 394-ст.).

**5-берене.**

Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодекси (мындан ары - Жазык-аткаруу кодекси) колдонууга киргизилген күндөн тартып, төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) 1999-жылдын 13-декабрындагы № 142 Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодекси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., № 3, 156-ст.), ушул Мыйзамдын 9-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык өзүнүн колдонулуусун сактоочу 50-статьянын жоболорун кошпогондо;

2) "Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 13-декабрындагы № 143

Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., № 3, 157-ст.);

3) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 20-мартындагы № 41 Мыйзамынын 1-статьясы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., № 5, 200-ст.);

4) "Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 8-июлундагы № 114 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., № 9, 402-ст.);

5) "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 11-июнундагы № 99 Мыйзамынын 2-статьясы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., № 9, 359-ст.);

6) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 11-июнундагы № 100 Мыйзамынын 3-статьясы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., № 9, 360-ст.);

7) "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине толуктоо жана өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 27-июлундагы № 101 Мыйзамынын 2-статьясы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., № 11, 508-ст.);

8) "Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 4-майындагы № 68 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2007-ж., № 5, 459-ст.);

9) Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине, Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине, "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө", "Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө", "Мунапыс берүүнүн жана ырайым кылуунун жалпы принциптери жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-статьясы;

10) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 10-

февралындагы № 27 Мыйзамынын 3-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2010-ж., № 2, 74-ст.);

11) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 12-июлундагы № 105 Мыйзамынын 1-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 7, 2706-ст.);

12) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 16-июлундагы № 114 Мыйзамынын 3-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 7, 2725-ст.);

13) "Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 18-мартындагы № 43 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., № 3, 227-ст.);

14) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоо жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 30-майындагы № 82 Мыйзамынын 4-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 5, 397-ст.);

15) "Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-апрелиндеги № 44 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2016-ж., № 4, 295-ст.);

16) "Терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 2-августундагы № 162 Мыйзамынын 3-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2016-ж., № 7, 880-ст.);

17) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 22-ноябрындагы № 185 Мыйзамы ("Эркин Тоо" газетасы, 2016-жылдын 29-ноябры, № 106).

**6-берене.**

"Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы колдонууга киргизилген күндөн тартып:

1) "Мунапыс берүүнүн жана ырайым кылуунун жалпы принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 14-июнундагы № 101 Мыйзамынын (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., № 7, 323-ст.) аталышындагы "Мунапыс берүүнүн жана" деген сөздөр алып салынсын;

2) төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

а) "Мунапыс берүүнүн жана ырайым кылуунун жалпы принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 14-июнундагы № 101 Мыйзамынын I

главасы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., № 7, 323-ст.);

б) "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине, Кыргыз Республикасынын Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине, "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттору жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө", "Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө", "Мунапыс берүүнүн жана ырайым кылуунун жалпы принциптери жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 25-июнундагы № 91 Мыйзамынын 8-статьясынын 1-пункту (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2007-ж., № 6, 526-ст.);

в) "Мунапыс берүүнүн жана ырайым кылуунун жалпы принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 13-октябрындагы № 211 Мыйзамынын 1-беренесинин 1-пункту (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., № 8, 903-ст.).

**7-берене.**

1. 1997-жылдын 1-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси боюнча, Жазык кодексинде жоопкерчилик каралбаган аракеттер үчүн соттолгондор жазадан (негизги жана кошумча) бошотулсун:

1) 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин 120, 122, 138, 142, 143, 146-1, 146-2, 149, 161, 176, 178-статьялары, 184-статьясы кредит алуу бөлүгүндө, 185, 194-2, 205, 206, 207, 214, 215, 216, 217, 218, 268, 298, 321-статьялары боюнча соттолгон адамдар;

2) 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодекси боюнча колдонуу шарты администрациялык жаза чарасын алдын-ала салуу болгон, 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин 160, 204-2, 246, 250-статьялары боюнча соттолгон адамдар;

3) эгерде 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинде каралган кылмыш курамы Жоруктар жөнүндө кодексте каралган жорук курамына туура келсе, 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодекси боюнча соттолгон адамдар.

2. 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинде каралган, ушул Мыйзамдын 1-беренесинде көрсөтүлгөн кылмыштарды жасаган адамдарга карата соттордун жана тергөө органдарынын өндүрүшүндө турган жазык иштери токтотулсун.

3. Жазык кодекси күчүнө киргенге чейин жасалган, соттордун жана тергөө органдарынын өндүрүшүндө турган, Жазык кодексинде каралган эскирүү мөөнөтү

өткөн кылмыштар боюнча жазык иштери шектелүүчүнүн, айыпталуучунун, соттолуучунун макулдугу болгондо кыскартылсын.

4. Төмөнкүдөй жазык иштери кайра каралсын:

1) эгерде кылмыштардын эч болбогондо бирөөсү ушул Мыйзамдын 1-беренесинде көрсөтүлсө, кылмыштардын жыйындысы же болбосо өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча дайындалган жазаны өтөп жаткан адамдарга карата;

2) эгерде алар соттолгон статьялардын санкциялары Жазык кодексинин 87-беренесинин 2-бөлүгүнүн эрежелери боюнча Жазык кодексинин тийиштүү беренелеринин санкцияларынан ашып кетсе, 1997-жылдын 1-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси боюнча соттолгон адамдарга карата.

5. Эгерде адам Жазык кодексинин 149, 170, 171, 209, 223, 230, 237, 239, 241, 244, 248, 249, 250, 253, 254, 267, 307, 308, 314, 337, 328, 345, 346, 348, 349-беренелерине карата эскертүүлөрдө каралган тийиштүү шарттарды аткарганда Жазык кодексинде бул адамды жазык жоопкерчилигинен бошотуу каралса, аларга карата өкүм чыгарыла элек адамдар жазык жоопкерчилигинен бошотулсун.

6. Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган учурларда жазык жоопкерчилигинен бошотуу жазык жоопкерчилигине тартылып жаткан адамдын өтүнүчү боюнча жүзөгө ашырылат.

7. 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодекси боюнча эркиндигин чектөөгө соттолгон адамдарга алардын эркиндигин чектөөнүн өтөлө элек бөлүгү түзөтүү жумуштарына алмаштырылат, мында эркиндиги чектелген эки күнгө түзөтүү жумуштарынын үч күнү туура келет деп эсептелет. Жазык кодексинин 67-беренесинин 6-бөлүгүндө каралган учурларда түзөтүү жумуштарынын ордуна коомдук жумуштар колдонулат, мында түзөтүү жумуштарынын үч күнү коомдук жумуштардын он алты саатына туура келет деп эсептелет.

8. Ушул берененин 1-бөлүгүнө ылайык жазадан бошотулган адамдар жазадан бошотулган күндөн тартып соттуулугу жок деп эсептелет.

9. 1997-жылдын 1-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси боюнча транспорттук каражатты башкаруу укугунан ажыратуу түрүндөгү жазага соттолгон адамдарга карата аталган жаза соттун өкүмүндө көрсөтүлгөн мөөнөткө белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир иш-аракет менен алектенүү укугунан ажыратуу түрүндөгү жазага алмаштырылсын.

10. 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодекси боюнча мүлкүн конфискациялоо түрүндөгү жазага соттолгон адамдар, эгерде жаза Жазык кодекси күчүнө кирген күнгө карата аткарыла элек болсо, бул жаза мүлктү конфискациялоо (алып коюу) түрүндөгү жазыктык-укуктук мажбурлоо чарасына алмаштырылсын.

11. 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинде каралган аракеттердин квалификациясын Жазык кодексинин тийиштүү бөлүктөрүнө жана беренелерине өзгөртүү жөнүндөгү маселелерди чечүү үчүн төмөнкүдөй жазык иштери кайра каралсын:

1) 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин добуш берүүнүн жыйынтыктарын жасалмалоо (141-1-статья), мал уурдоо (165-статья) тарыхый, илимий, көркөмдүк же маданий баалуулугу бар предметтерди же документтерди уурдап алуу (169-1-статья), тарых жана маданият эстеликтерин, жаратылыш объекттерин атайылап жок кылуу же бузуу (175-статья), жер менен мыйзамсыз бүтүмдөрдү каттоо (179-статья), спиртти жана алкоголдук азыкты мыйзамсыз өндүрүү, сактоо жана сатып өткөрүү (201-статья), сапатсыз спиртти жана алкоголдук азыкты өндүрүү, сактоо жана сатып өткөрүү (202-статья), сатып өткөрүү максатында үйдө жасалган спирттик ичимдиктерди даярдоо, сатып өткөрүү же сактоо (202-1-статья), контрабанда (204-статья), адамдын салыкты төлөөдөн качуусу (211-статья), жеке ишкердин салыктарды жана милдеттүү камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдөн качуусу (212-статья), чарбакер субъекттердин кызмат адамдарынын салыктарды жана милдеттүү камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдөн качуусу (213-статья), мамлекеттик же коомдук ишмерди өлтүрүү (294-статья), улуттук, расалык, диний же региондор аралык кастыкты козутууга багытталган уюшкан иш-аракет (299-1-статья), мамлекеттик контролдоочу органдын кызмат адамы тарабынан мыйзамсыз текшерүүлөрдү жүргүзүү оор кесепеттерге алып келгенде (304-1-статья), Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарын бузуу (305-2-статья), менчиктештирүүнү, бажылык же уруксат берүү-лицензиялык иш-аракетти жүзөгө ашырууда кызмат абалын мыйзамсыз пайдалануу (307-статья), электр менен жабдууну чектөөлөрдү же токтотууну (өчүрүүнү) колдонуунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана келишимде (контрактта) каралган шарттарын аткарбоо же болбосо жашоону камсыз кылуунун башка булактарын өчүрүү кесепеттерге алып келгенде (307-1-статья), бюджеттик каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу (308-статья), сот адилеттигин же тергөөнү жүзөгө ашырып жаткан адамды өлтүрүү (319-статья), жазыктык ишти мыйзамсыз козгоо (321-1-статья), айыпсыздыгы белгилүү адамды жазык жоопкерчилигине тартуу (322-статья), жазык ишин козгоодон мыйзамсыз баш тартуу (323-статья), укук коргоо органынын кызматкерин жана аскер кызматчысын өлтүрүү (340-статья), өзүм билемдик (353-статья), начальникке каршылык көрсөтүү же аны кызматтык милдеттерин бузууга мажбурлоо (356-статья), аскердик мүлктү жоготуу (369-статья) деген статьялары боюнча кылмыш жасаган адамдардын кылмыштары жөнүндө жазык иштери;

2) бандитизм жасаган адамдардын (1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин 230-статьясы боюнча кылмыш жасаган адамдардын кылмыштары жөнүндө жазык иштери Жазык кодексинин 248-беренесине кайра квалификациялануу менен), кылмыштуу коомдоштукту (кылмыштуу уюмду) түзгөн адамдардын (1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин 231-статьясы боюнча кылмыш жасаган адамдардын кылмыштары жөнүндө жазык иштери Жазык кодексинин кылмыштуу уюмду түзүү беренесине (249-берене) кайра квалификациялануу менен) кылмыштары жөнүндө жазык иштери.

12. 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинде каралган аракеттерди квалификациялоону Жазык кодексинин тийиштүү бөлүктөрүнө жана беренелерине өзгөртүү жөнүндөгү маселелерди чечүү үчүн Жазык кодексинин 24-беренесинде каралган жазыктык-укуктук квалификациялоонун атайын эрежелерин эсепке алуу менен төмөнкүдөй жазык иштери кайра каралсын:

1) уюшкан топтун же кылмыштуу уюмдун курамында же болбосо кызыкчылыктарында жасалган кылмыштар (мыйзамсыз диний топту, уюшкан топту, кылмыштуу уюмду, куралданган түзүмдү, бандаары, экстремисттик уюмду уюштуруудан (түзүүдөн), ошондой эле аларга жетекчилик кылуудан же аларга катышуудан көрүнүүчү кылмыштардан башка) жөнүндө жазык иштери;

2) өзүнүн кызмат абалын пайдалануу менен жасалган кылмыштар (кызмат адамынын атайын субъект катары кылмыш жасоосу кылмыш курамынын белгиси катары тикелей көрсөтүлгөн учурлардан тышкары) жөнүндө жазык иштери.

13. Эгерде тийиштүү кылмыш үчүн сот тарабынан дайындалган жаза Жазык кодексинде каралган жазага караганда катаал болуп саналса, ушул берененин 1, 2-бөлүктөрүндө каралган кылмыштар үчүн соттолгон жана жазасын өтөбөгөн адамдарга карата жаза чаралары Жазык кодексинде каралган тийиштүү кылмыштар жөнүндөгү беренелердин санкцияларында белгиленген жазаларга ылайык келтирилсин.

14. "Жасалган кылмыш же бир тектүү кылмыш үчүн мурда соттолгон" деген квалификациялоочу белгини колдонуу менен жана жазасын өтөбөгөн адам тарабынан жасалган ушундай кылмыш үчүн соттолгон адамдарга карата жазык иштери кайра каралсын. Мындай адамдарга жаза чаралары, эгерде тийиштүү кылмыш үчүн сот тарабынан дайындалган жаза Жазык кодексинде каралган жазага караганда катаал болуп саналса, Жазык кодексинде каралган тийиштүү кылмыштар жөнүндөгү беренелердин санкцияларында белгиленген жазаларга ылайык келтирилсин.

15. Өмүр бою эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазага соттолгон адамдарга карата соттордун өкүмдөрү, эгерде Жазык кодексинде ушул эле аракет үчүн өмүр бою эркиндигинен ажыратуу каралса, кайра каралууга жатпайт.

16. 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексине ылайык негизги жаза катары айып түрүндөгү жазага соттолгон жана ушул Мыйзамдын колдонулуусуна түшпөгөн адамдарга карата соттордун өкүмдөрү аткарылууга жатат.

17. 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинде эскирүүгө, жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотууга, мыйзамда каралган жазага караганда жеңил жаза дайындоого, соттуулукту жоюуга жана алууга карата белгиленген эрежелер, адамдардын кылмыштуу аракеттеринин жазыктык-укуктук кесепеттери Жазык кодексинде жеңилдетилген учурларды кошпогондо, Жазык кодекси күчүнө киргенге чейин кылмыш жасаган адамдарга жайылтылат.

18. Жазык кодекси күчүнө киргенге чейин жасалган кылмыш үчүн мыйзамда каралган жазага караганда жеңил жазаны дайындоодо сот 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин 56-статьясынын талаптарын жетекчиликке алуусу зарыл.

19. Жазык кодекси күчүнө киргенге чейин жасалган кылмыштардын жыйындысы боюнча жаза дайындоодо 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин 59-статьясы колдонулат. Эгерде жыйындыга кирген кылмыштардын эч болбогондо бири Жазык кодекси күчүнө киргенден кийин

жасалса, Жазык кодексинин 78-беренеси же 110-беренесинин 3-бөлүгү колдонулат.

20. Эгерде жазасын өтөп жаткан адам Жазык кодекси күчүнө киргенден кийин жаңы кылмыш жасаса, ага өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындоодо Жазык кодексинин 79-беренеси же 110-беренесинин 3-бөлүгү колдонулат.

21. 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин 63-статьясын колдонуу менен соттолгон адамдарга карата сот өкүмүндө белгиленген сыноо мөөнөтү, соттолгон адам жасаган аракет Жоруктар жөнүндө кодексте жорук деп таанылган учурлардан тышкары, мөөнөт бүткөнгө чейин улантылат.

22. 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин 66-1-статьясынын негизинде кепилге өткөрүлүп берилген адамдарга карата өкүмдүн аткарылышы кепилге өткөрүлүп берилген күндөн тартып бир жыл бою улантылат.

23. Ушул берененин 1, 2-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн адамдарга карата соттуулукту алуу жана жоюу, Жазык кодексинде мындай адамдардын кылмыштуу аракетинин жазыктык-укуктук натыйжалары жеңилдетилген учурларды кошпогондо, 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинде каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

24. 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин 72-статьясын колдонуу менен соттолгон адамдарга карата сот өкүмүндө белгиленген мөөнөт ал бүткөнгө чейин улантылат.

25. Жазык кодекси күчүнө киргенден кийин кылмыш жасаган адамдарды жагдайдын өзгөрүүсүнүн жана аракет же аны жасаган адам коомдук кооптуулугун жоготуусунун натыйжасында жазык жоопкерчилигинен же жазадан бошотууда 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин 65, 68-статьяларын жетекчиликке алуу керек.

26. 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинде каралган, Жазык кодекси жана Жоруктар жөнүндө кодекс күчүнө киргенге чейин жасалган кылмыштарды жоруктарга же анча оор эмес, оор же өзгөчө оор кылмыштарга киргизүү жөнүндө маселени чечүүдө, эгерде бул Жазык кодекси жана Жоруктар жөнүндө кодекс күчүнө киргенге чейин кылмыш жасаган адамдардын жазык жоопкерчилигин жеңилдетсе, Жоруктар жөнүндө кодекстин 15-беренесин жана Жазык кодексинин 19-беренесин жетекчиликке алуу керек. Башка учурларда 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин тийиштүү жоболорун колдонуу зарыл.

27. 1997-жылдын 1-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин негизинде соттолгон адамдарга карата иштерди кайра кароо, ошондой эле Жазык кодекси күчүнө киргенге чейин кылмыш жасаган адамдарга карата иштерди жана соттордун, тергөө жана алгачкы териштирүү органдарынын өндүрүшүндө турган, ушул Мыйзамдын колдонулуусуна түшүүчү иштерди токтотуу жазык иши өндүрүшүндө турган орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

28. Жасалган учуруна карата Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинде каралган аракетти жасаган адамдарга салынган административдик жаза, эгерде бул аракет Жоруктар жөнүндө кодексте

да каралса, Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине ылайык аткарылууга тийиш.

**8-берене.**

1. Жазык-процесстик кодекс күчүнө киргенге чейин алгачкы териштирүү, тергөө, прокуратура органдарына келип түшкөн жана жазык ишин козгоо жөнүндө же жазык ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынбаган арыздар жана билдирүүлөр Жазык-процесстик кодексте белгиленген тартипте сотко чейинки өндүрүштү баштоо үчүн сотко чейинки өндүрүш органдарына өткөрүлүп берилет.

2. Жазык-процесстик кодекс күчүнө киргенге чейин алгачкы териштирүү органдары баштаган ыкчам-издөө иш-чаралары ал күчүнө кирген күндөн тартып, Жазык-процесстик кодексте белгиленген тартипте сотко чейинки өндүрүштү баштоо үчүн, тергөөгө караштуулукту эсепке алуу менен сотко чейинки өндүрүш органдарына өткөрүлүп берилет.

3. Тергөө органдарынын өндүрүшүндө турган, Жоруктар жөнүндө кодекске ылайык жоруктар даражасына өткөрүлгөн кылмыштар жөнүндө жазык иштери Жазык-процесстик кодекс күчүнө кирген күндөн тартып бир айдын ичинде, Жазык-процесстик кодекстин 503-беренесинин талаптарын эсепке алуу менен, жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү жүргүзүү үчүн тийиштүү алгачкы териштирүү органдарына өткөрүлүп берилет.

4. Жазык-процесстик кодекс күчүнө кирген күнгө карата тергөө органдарынын өндүрүшүндө турган жазык иштери (анын ичинде токтотулуп тургандары) алардын өндүрүшүндө калат. Жазык-процесстик кодекске ылайык тергөөгө караштуулугу өзгөргөн учурда, жазык иштери тергөөгө караштуулугу боюнча бир айдын ичинде өткөрүлүп берилүүгө тийиш.

5. Жазык-процесстик кодекс күчүнө кирген күнгө чейин башталган тергөө жана процесстик аракеттер, ушул Мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, ал күчүнө киргенге чейин колдонулуп келген тартипте жана мөөнөттөрдө жүргүзүлөт.

6. Жазык-процесстик кодекс күчүнө киргенге чейин алынган далилдерге жол берүү жөнүндө маселени чечүү ал күчүнө киргенге чейин колдонулуп келген тартипте аныкталат.

7. Жазык-процесстик кодекс күчүнө киргенге чейин тергөөнүн жана (же) сот өндүрүшүнүн убагында колдонулган бөгөт коюу чараларынын, мүлккө камак салуу, кызмат ордунан убактылуу четтетүү чараларынын колдонулуусу алар узартылган, өзгөртүлгөн же жокко чыгарылган учурга чейин уланат. Андан кийинки узартуу, өзгөртүү же жокко чыгаруу Жазык-процесстик кодексте каралган тартипте жүргүзүлөт.

8. Жазык иштери боюнча сотко чейинки өндүрүш тергөөнүн боштуктарын толтуруу үчүн сот тарабынан прокурорго кайтарылып берилген учурда Жазык-процесстик кодексте каралган тартипте жүргүзүлөт.

9. Биринчи инстанциядагы сот тарабынан кабыл алынган жана Жазык-процесстик кодекс күчүнө кирген күнгө карата мыйзамдуу күчүнө кирбеген сот

чечимдери Жазык-процесстик кодекс күчүнө киргенге чейин колдонулуп келген - мөөнөттөрдө апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

10. Биринчи инстанциядагы сот тарабынан кабыл алынган жана Жазык-процесстик кодекс күчүнө кирген күнгө карата мыйзамдуу күчүнө кирбеген, даттанылбаган сот чечимдери Жазык-процесстик кодекс күчүнө киргенге чейин колдонулуп келген тартипте мыйзамдуу күчүнө кирет.

11. Биринчи инстанциядагы сот тарабынан кабыл алынган жана Жазык-процесстик кодекс күчүнө кирген күнгө карата мыйзамдуу күчүнө кирген, апелляциялык тартипте даттанылбаган сот чечимдери кассациялык тартипте областтык жана аларга теңдештирилген сотторго Жазык-процесстик кодекс күчүнө киргенге чейин колдонулуп келген тартипте даттанылышы мүмкүн.

12. Кассациялык тартипте областтык жана аларга теңдештирилген соттор тарабынан каралган жазыктык иштер Жазык-процесстик кодекс колдонууга киргизилген учурдан тартып, Жазык-процесстик кодекстин "Соттук чечимдерди кассациялык тартипте даттануу" деген 51-главасына ылайык, кассациялык тартипте Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна даттанылышы мүмкүн.

13. Жазык-процесстик кодекс күчүнө киргенге чейин жазык иштери боюнча чечимдерге карата берилген апелляциялык, кассациялык жана көзөмөлдүк даттануулар жана (же) сунуштамалар, ошондой эле Жазык-процесстик кодекс күчүнө киргенге чейин каралышы бүтпөгөн иштер ал күчүнө киргенге чейин колдонулуп келген тартипте каралат.

14. Сот чечимдерин жаңыдан ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө Жазык-процесстик кодекс күчүнө киргенге чейин чыгарылган корутундулар жана (же) арыздар ал күчүнө киргенге чейин колдонулуп келген тартипте каралат.

15. Жазык-процесстик кодекс күчүнө киргенге чейин жазыктык сот өндүрүшүнө жактоочу катары катышкан жана адвокат статусуна ээ болбогон адамдар биринчи, апелляциялык, кассациялык инстанциядагы соттордо жактоочунун ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууну уланта алат.

16. Өндүрүшү Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси күчүнө киргенге чейин башталган жазык иштери жабырлануучу жекече же жекече-жарыя айыптоону колдоого алуудан баш тартканда жана (же) айыпталуучу Жазык-процесстик кодекс күчүнө киргенге чейин колдонулуп келген тартипте жабырлануучу менен макулдукка жетишкенде токтотулушу мүмкүн.

**9-берене.**

1. Жазык-аткаруу кодексинин 73-беренесинин 7-бөлүгүнүн, 79-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунун, 83-беренесинин 4-бөлүгүнүн, 99-беренесинин 4, 7-бөлүктөрүнүн, 128-130-беренелеринин, 133-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 163-беренесинин 1-3-бөлүктөрүнүн жоболору 2020-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

2. Жазык-аткаруу кодексинин 125-беренесинин 3-бөлүгүнүн, 127-беренесинин 3-бөлүгүнүн жоболору 2021-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

3. Жазык-аткаруу кодексинин 83-беренесинин 1-3-бөлүктөрүнүн жоболору - (Бишкек, Ош, Каракол шаарларынан тышкары) 2023-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

4. Жазык-аткаруу кодекси колдонууга киргизилген күндөн тартып:

1) жазасын күчөтүлгөн режимдеги түзөтүү колонияларында өтөө менен эркиндигинен ажыратууга соттолгондор жазасынын өтөлө элек мөөнөтүн жалпы режимдеги колонияларда, Жазык-аткаруу кодексинин 79-беренесинин талаптарын сактоо менен өтөйт;

2) жазасын катаал режимдеги түзөтүү колонияларында өтөө менен эркиндигинен ажыратууга соттолгондор жазасынын өтөлө элек мөөнөтүн катаал режимдеги колонияларда өтөйт;

3) жазасын өзгөчө режимдеги колонияларда өтөө менен эркиндигинен ажыратууга соттолгондор жазасынын өтөлө элек мөөнөтүн өзгөчө режимдеги колонияларда өтөйт;

4) жазасын колония-жатактарда өтөө менен эркиндигинен ажыратууга соттолгондор, ошондой эле түзөтүү колонияларынан которулган соттолгондор жазасынын өтөлө элек мөөнөтүн жатак колонияларда өтөйт.

5. Соттолгонду Жазык-аткаруу кодекси күчүнө киргенге чейин кармоонун катаал шарттарына которгондо, соттолгондор жатаканаларда туруусун улантат.

6. Жазык-аткаруу кодексинин 80-беренесинин колдонулуусу Жазык-аткаруу кодекси мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин соттолгон адамдарга жайылтылбайт.

7. Жазык-аткаруу кодексинин 50-статьясынын 6-бөлүгүн кошпогондо, Жазык-аткаруу кодекси күчүнө киргенге чейин соттолгон адамдарга карата 1999-жылдын 13-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин жоболору колдонулат. Көрсөтүлгөн адамдарга карата түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү жазык-аткаруу тутумунун мамлекеттик органынын атайын комиссиясынын чечими менен жүргүзүлөт.

**10-берене.**

1. Ушул Мыйзамдын 7-беренеси Жазык кодекси күчүнө кирген күндөн тартып алты айдын ичинде аткарылууга жатат.

2. Ушул Мыйзамдын 7-беренесин аткаруу төмөнкүлөргө жүктөлсүн:

1) тергөө органдарына - кылмыштары жөнүндө жазык иштери бул органдардын өндүрүшүндө турган адамдарга карата - эки айдын ичинде;

2) сотторго:

а) кылмыштары жөнүндө жазык иштери соттордун өндүрүшүндө турган жана каралбаган адамдарга карата;

б) соттолгон аракет Жоруктар жөнүндө кодексте жорук деп таанылганда, жазадан мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотулган, шарттуу соттолгон, өздөрүнүн арызы боюнча өкүмдүн аткарылышын кийинкиге жылдыруу менен соттолгон адамдарга карата;

3) прокуратура органдарына - соттун айыптоо өкүмү чыгарылган, бирок өкүм мыйзамдуу күчүнө кирбеген же мыйзамдуу күчүнө кирген, бирок аткарууга алынбаган адамдарга карата - бир айдын ичинде;

4) жазык-аткаруу тутумунун органдарына жана мекемелерине - эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазасын өтөп жаткан адамдарга карата - үч айдын ичинде.

3. Жазык-аткаруу тутумунун органдары жана мекемелери ушул берененин 2-бөлүгүнүн 4-пунктунда көрсөтүлгөн адамдарга карата сунуштамаларды өкүмдүн көчүрмөсүн тиркөө менен соттторго жөнөтөт. Сунуштама соттолгондун катышуусуз, өкүм чыгарган сот тарабынан каралат.

**11-берене.**

Жергиликтүү соттордо тергөө судьяларынын штаттык бирдиктери киргизилгенге чейин соттук контролду жергиликтүү соттордун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы тарабынан аныкталуучу судьялары жүзөгө ашырат.

**12-берене.**

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин сот арачылары катыша турган соттор жөнүндө 45-главасынын колдонулуусу төмөнкүдөй күчүнө кирет:

1) 2020-жылдын 1-январынан тартып - Кыргыз Республикасынын Бишкек шаары жана Ош областы үчүн;

2) 2021-жылдын 1-январынан тартып - Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Чүй жана Ысык-Көл областтары үчүн;

3) 2022-жылдын 1-январынан тартып - Кыргыз Республикасынын Баткен, Нарын жана Талас областтары үчүн.

**13-берене.**

Пробациянын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы түзүлгөнгө чейин коомдон бөлбөстөн жазаларды аткаруу, жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын, пробациялык көзөмөлдү жана түзөтүү мекемелеринен мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотулган адамдарды контролдоону жүзөгө ашыруу функциялары жазык-аткаруу тутумунун жазык-аткаруу инспекцияларына жүктөлөт.

**14-берене.**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын Жазык кодексине, Жоруктар жөнүндө кодекске, Жазык-процесстик кодексине жана Жазык-аткаруу кодексине ылайык келтиргенге чейин, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары Жазык кодексине, Жоруктар жөнүндө кодекске, Жазык-процесстик кодексине жана Жазык-аткаруу кодексине каршы келбеген бөлүгүндө колдонулат.

**15-берене.**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып 10 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып 6 айлык мөөнөттө:

1) ченемдик укуктук актыларды Жазык кодексине, Жоруктар жөнүндө кодекске, Жазык-процесстик кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине, "Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келтирүү жөнүндө жана аларды ишке ашырууга багытталган мыйзам долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизсин;

2) тергөө судьясынын институтун ишке ашыруу максатында, жергиликтүү соттордун судьяларынын штаттык санын көбөйтүүнү караган мыйзам долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизсин;

3) өзүнүн ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине, "Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келтирсин;

4) 2019-жылга жана андан кийинки жылдарга республикалык бюджет жөнүндө мыйзам долбоорун иштеп чыгууда Жазык-процесстик кодексинин жоболорун ишке ашыруу үчүн финансылык каражаттарды бөлүүнү карасын.

5) Жазык-аткаруу кодексинин жоболорун ишке ашырууну камсыз кылуу боюнча төмөнкүдөй чараларды көрсүн:

а) пробациянын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органын түзүүнү, штаттык бирдиктерди бөлүп берүүнү, орун-жайларды берүүнү жана материалдык-техникалык камсыз кылууну - 2020-жылдын 1-январына чейин;

б) соттолгондордун билим алууга, эмгекке, жеке коопсуздукка, телефондук сүйлөшүүлөргө, сейилдөөгө, социалдык-укуктук жардамга, милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандырууга укуктарын;

в) гаупвахталардын иштөөсүн;

г) юридикалык жактардын жазык жоопкерчилигин аткарууну;

д) медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын аткарууну, адамдарды кайтарууну жана күзөткө алууну;

е) соттолгондордун маалыматтар базасын түзүүнү - 2019-жылдын 1-январына чейин;

ж) жазык-аткаруу тутумунун мамлекеттик органынын атайын комиссиясынын түзүлүшүн жана иштөөсүн;

з) түзөтүү мекемелеринин жаңы градациясын;

и) төмөнкүлөр үчүн орун-жайларды этап менен курууну жана колдонуудагы орун-жайларды реконструкциялоону - соттолгондорду түзөтүү мекемелеринин катаал шарттарында кармоо - 2021-жылдын 1-январына чейин; түрмөнү түзүү - 2023-жылдын 1-январына чейин; түзөтүү колонияларында соттолгондорду бөлүп

кармоо үчүн бөлүнгөн участокторду түзүү - 2021-жылдын 1-январына чейин; өзгөчө режимдеги түзөтүү колониясын түзүү - 2020-жылдын 1-январына чейин;

к) түзөтүү мекемелеринде кайтаруунун инженердик-техникалык каражаттарын (КИТК), көзөмөлдү жана контролду модернизациялоо - 2023-жылдын 1-январына чейин;

л) түзөтүү мекемелерине жана тергөө абактарына жанаша жаткан аймактардын чек араларын аныктоо - 2020-жылдын 1-январына чейин;

м) соттолгон боюнда бар аялдар, бала эмизүүчү энелер, жашы жете электер, оорулуулар жана I жана II топтогу майыптар үчүн кармоонун жакшыртылган шарттарын түзүү;

н) соттолгондорду инсандыгын ырастоочу документтер менен камсыз кылуу - 2020-жылдын 1-январына чейин.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти ушул Мыйзамдын 12-беренесин ишке ашырууну камсыз кылсын.

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Президенти** | **А. Атамбаев** |